ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

**САДЫРОВ М.**
**nbknu@mail.ru**

# СӨЗ ӨНӨРҮНҮН ПАЙДА БОЛУУ БУЛАКТАРЫ ЖАНА АДАБИЙ ЧЫГАРМАЧЫЛЫКТЫН КАЛЫПТАНЫШЫ

Сөз өнөрү адамзаттын коомдук жашоосунда эң маанилүү роль ойноо менен элдик маданияттын өнүгүшүнүн негизги булактарынын бири болуп келген. Дегеле сөз чыгармачылыгы аркылуу адам баласы өткөндүн бай тарыхый, маданий, адабий ж.б. мурастарын эсинде сактап, кезегинде келип алар келечек үчүн кылымдап топтолгон көркөм тажрыйбаларды муундан-муунга өткөрүп берүү ролун ойногон болчу. Сөз өнөрүнүн өзүнүн узак мезгилди ичине камтыган эволюциялык өсүү тарыхында эчендеген оош-кыйыштарды өз эли менен бирдикте башынан кечирип, кайрадан телчигип, бирок мурунку чыгармачылык тажрыйбаларын жадында сактап калган бирден-бир көөнөрбөс фольклордук булак катары, кезегинде элине руханий дем берип анын келечекке болгон үмүтүн жандандырып, өз эли үчүн үзгүлтүксүз талыкпай кызмат кылып келген десек жаңылышпайбыз. Муну менен бирге биз адабий чыгармачылыктын бирден-бир аткарган функциясы катары көп кылымдар бою өз учурунун заманбап адамын тарбиялоочулук милдетти аткарып келгендиги менен түшүндүрүүгө болот. Ошентип, элдик сөз өнөрүнүн калыптанышы жана анын адабий чыгармачылыктын көркөм деңгээлине өтүүсү, адамзатынын коомдук формацияларынын кийинки циклдерине туура келет, б.а., адам баласынын улуттарга ажыроосуна, өз алдынча эл катары калыптанышында элдик чыгармачылыктын ойногон ролу орчундуу деп айтуу менен, сөз өнөрчүлүгү ошол элдин жашоо-турмушун коштоп, турмушка болгон көз караштарын мүнөздөп келгендигин ачык-айкын көрөбүз. Бирок бул мезгилди фольклордук чыгармачылыктын көбүнесе бири-биринен ажырай элек учуру деп айтууга болот, анткени бул мезгилдин фольклордук мүнөзү, көркөм сөз өнөрүнүн, дегеле адабий чыгармачылыктын башаты жана анын жанрдык жактан алгач мүнөздөлүп жиктеле башташы орус окумуштуусу В.Н.Веселовский айткандай, "...элдик үрп-адатка, алардын турмуштук жагдай-шарттарына көбүрөөк мүнөздүү боло турган нерсе..." Мындайча айтканда, сөз өнөрүнүн турмуштук коштоочусу катары элдик үрп-адаттар, каада-салттар адабий чыгармачылыктын улуттук мүнөзгө айлануусунун түптөөчү функцияларынын милдетин да аткарат десек болот. Ал эми сөз чыгармачылыгынын эл турмушундагы орду жана пайдаланышы негизинен эки түрдө болот. Биринчиси турмуштук мүнөздө, экинчиси таза адабий мүнөздө, экөөнүн тең өздөрүнүн мезгилине жараша турмушта аткарган ролу, орду болот жана ошого карата калыптанып отурат. Бирок бул жерден белгилеп кете турган нерсе, биринчиси экинчисинен алда канча мурда жаралып, экинчисин шарттап турган чыгармачыл башаты жана көркөм булагы катары кызмат аткара алат. Тагыраак айтканда, ар бир улут өзүнүн жашоо-турмушунун мүнөзүнө жараша элдик чыгармаларды жаратып отурат. Алсак, кайсы гана элдин тарыхына кайрылбайлы, алардын чыгармачылык тажрыйбалары адеп оозеки формада жаралып, калыптануу аркылуу өнүгүүгө ээ болгондугу маалым. Ошондон улам мындан келип чыккан маанилүү бир жагдай, элдик эпикалык салттардын мезгилдер, кылымдар бою топтогон чыгармачылык тажрыйбалары, айрыкча оозеки чыгармачылыктын өнүгүүсүнө сөз өнөрү менен көркөм чыгармачылыктын ойногон ролу абдан орчундуу болуу менен улуттук жазуунун да пайда болуп, калыптануусунда маанилүү орунга ээ болот. Анткени жазуунун алгачкы символикалык элементтери кайсы бир элдик маданиятты мүнөздөп турганы менен анын сөздү чагылдыруучулук, б.а., түздөн-түз маани берүүчүлүк статусу биринчи кезекте көркөм сөз өнөрүнө байланыштуу өнүгүүгө ээ болот. Эгерде, бул маселелердин конкреттүү жагдайларына кайрылып өтө турган болсок, жазуунун жана ошондой эле кол жазма адабияттын пайда болушуна чейин кыргыз элинде фольклордук жана анын өнүккөн түрү катары акындар поэзиясы элдик

эстутумдун, элдик билимдин, элдик дүйнөтаанымдын, элдик жарсалуунун (публисистиканын) жана элдик көзкараштын негизги формасы болуп келген. Кезегинде фольклор элдик күнүмдүк турмуштан баштап анын каада-салттарын, үрп-адаттарын ал гана эмес башка элдер менен болгон алакаларды коштоп жүрүү менен эл-журт алдындагы коомдук орду да өзгөчө даражада болгон десек жаңылышпайбыз. Маселен, турмуштук, каада-салттык мамилелерди эске алган күндө да, сырткы элчилик мамилелерди түзөтүүдө жана аны жөнгө салууда сөз чеберчилигинин, чыгармачылыгынын орду, аткарган ролу өтө зор болгон. Ошондон улам фольклор жеке эле элдик эстетикалык таламдарды эле канагаттандырып тим болбостон, о.э. коомдук талаптарды да эл алдында абийирдүүлүк менен аткарып келген. Мындан келип сөз өнөрүнүн-фольклордун элдик жашоодогу ролунун уламдан жогорулап отуруусу кезегинде келип анын элдик өнөргө, чыгармачылыкка андан соң нукура кесипке айлануусунун негизги өбөлгөсү болгон десек аша чапкандык болбойт. Качан гана сөз чыгармачылыгын өздөрүнүн негизги кесиби катары тутуп, бул тармакта үзгүлтүксүз изденүүлөр башталгандан тартып мурдатан элдик болуп келген фольклордук чыгармачылык жекече (индивидуалдык) өнөргө айлана баштагандыгын көрөбүз. Ал эми жеке чыгармачылыктын калыптана башташынан улам фольклордук чыгармачылык жанрдык жактан байый баштагандыгын көрөбүз, т.а., эл арасынан сөзгө чебер чечендер, ак таңдай акындар, сөзгө илгир маселчилер чыга келген.

Дүйнө элдеринин байыркы калктарынын бири болгон кыргыздардын алгачкы улуттук символикалык белгилерине, чыгармачылык тажрыйбаларына, маданий өзгөчөлүктөрүнө кайрыла турган болсок, элибиздин сөз өнөрчүлүгү өзүнүн үрп-адатына, салт-санаасына, жаратылышына жана жашоо-турмушунун мүнөзүнө ылайык негизинен мал чарбачылыгына ылайык калыптанып баштагандыгына күбө болобуз. Элдик чакан чыгармалардан тартып көлөмдүү эпосторго чейинки жанрларды карап көрсөк, алардын мазмуну көчмөн элдин турмушун мүнөздөп, чакан делинген дидактикалык жанрлардан баштап элдин кулк мүнөзү, дүйнөгө болгон көз караштары, философиялык ой толгоолору элибиздин дүйнө туюмун туюндуруп, өз элинин чыныгы турмушунун күзгүсү катары берилгендигин байкоого болот,б.а., элдин мал чарбачылыгына негизделген жашоо ыңгайы, кезегинде келип анын кичинесинен чоң жанрына чейинки чыгармаларында жаныбарлардын (бөтөнчө жылкы баласынын) образдары түрдүү жанрдык ракурстан чагылдырылып, көркөм иштелгенин көрөбүз. Ал эми дал ушул мал чарбачылыгын кесип кылган адамдар өз кесиптерине ылайык ырларды жаратышып, көркөм сөз өнөрүн түптөөчүлөрдөн болушкан. Алсак, “Бекбекей”, “Шырылдаң” сыяктуу чакан ыр формасындагы чыгармалар элибиздин дал ушул мал чарбачылыгын кесип кылган адамдар тарабынан жаратылган ырлардан экендигин танууга болбойт. Табиятынан ыр жандуу кыргыз элинин элдик чыгармалары биринчи кезекте өзүнүн жашоо-турмушун мүнөздөп тургандыгын байкоого болот, мындайча айтканда, бул чакан ырларды койчунун ыры, жылкычынын ыры ж.б., деп аныктоого болот.

Бул жерден белгилеп коюучу дагы бир маанилүү жагдай, ушул ырларды жараткан адамдардын негизги кесиби сөз чыгармачылыгы эмес, биринчи кезекте мал чарбачылыгы экендигин эске тутуу зарыл. Мындан келип бул адамдар сөз өнөрүн кесип кылбагандыктан, бул ырлардын кезегинде элдик болуп кетишинин негизги бир себеби да ушунда. Атап айтканда, койчунун, жылкычынын ж.б., ырларын алардын арасынан бирөөсү жаратуу менен алгач өзүнүн кесиптештеринин (койчулардын, жылкычылардын) арасына тароо аркылуу негизинен мал чарбачылыгын кесип кылган көчмөн кыргыз элине жалпы тарап кетүү мүмкүнчүлүгү кеңири болгон. Анткени, жалпы кыргыз элине мүнөздүү болгон мал чарбачылыгына арналган чыгармалар өз кезегинде эл арасында угуучуларын таап, тез таркап кетүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болчу. Мунун өзү кезегинде келип элдик фольклордук чыгармаларды жаратуучулар жана аткаруучулар салтын жаратып, сөз өнөрүнүн уламдан улам кулач жайып отурушуна ыңгайлуу шарттарды жарата баштаган болчу. Эгерде кимдир бирөөлөр тарабынан оозеки түрдө жаратылган чакан ырлар же болбосо проза түрүндөгү аңгемечелер дагы бирөөлөр тарабынан кабыл алынып андан ары

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

аткарылып кетпесе, кезегинде ал чакан чыгармалардын биринчи кезекте жалпылык мүнөзгө ээ болуусун, андан соң элдик чыгармачылыкка айлануусун шарттай алмак эмес. Ошентип, жаратуучулар менен аткаруучулардын ортосундагы чыгармачылык мамиле жалпылык мүнөзгө айлануу аркылуу кезегинде сөз чыгармачылыгына кызыгуу артыла баштайт десек жаңылышпайбыз. Бул маселеге сөз өнөрүнүн эволюциялык жүрүшү аркылуу карай турган болсок, жеке бир адам аркылуу жаратылган чакан ырдын же аңгеменин элдик мүнөзгө айлануусунун өзү алгач стихиялуу түрдө ишке ашкан болсо, ал эми анын кайрадан жекече өнөргө (индивидуалдуу чыгармачылык) айлануусу бир кыйла чыгармачылык көркөм процессттердин аркасында гана жүзөгө ашат десек болот. Бул эмне дегендик?- Биринчи кезекте элдик турмуштун жашоо мүнөзү буга түрткү болот, анткени, мал чарбачылыгын негизги кесип кылган эл үчүн, ал тууралуу чыгармалардын болушу да жалпыга таандык нерсе катары каралат. Экинчиден, ошол эле жагдайда эл турмушунда сейрек орунга ээ болгон чарбачылыктар тууралуу чыгармалар ал учурда көбүнесе жаратылган эмес, жаратылса да алар кеңири таркоо мүнөзүнө ээ болгон эмес. Мисалы уй жаныбарын алсак, кыргыздар бул чарбачылыкты негизинен аз өздөштүргөндүгү маалым. Алсак, бул жаныбарга арналган чыгармалардын дээрлик жоктугу, т.а., бул жандыкка байланыштуу чыгармалар таптакыр башкача мааниде кездешкендиги мунун далили болуп бере алат. Ошондуктан, мал чарбачылыгынын бул түрүнө байланыштуу элибизде "ырым-жырым" мүнөзүндөгү гана ырлар жолугат. Мунун өзү сөз өнөрүнүн элдик болуусунун мүнөзү биринчи кезекте элдик турмуш аркылуу аныкталып, ал гана эмес элдик жашоонун турмуштук кырдаалдарын мүнөздөп турат десек туура болот.

Бул жагдайда дүйнө элдеринин биринчи кезекте оозеки чыгармачылыгына сереп сала турган болсок, ар бир элдин көркөм өнөрлөрү биринчи кезекте ошол улуттун жашоо мүнөзүнө, өздөрү мекендеген жаратылыштын шарттарына жараша түптөлүп, ошого карата калыптанып жүрүп отургандыгын байкайбыз...

Ал гана эмес ар элдин обондуу чыгармачылыгы биринчи кезекте улуттук менталитетти, жаратылыш шарттарына ыңгайлашып тургандыгын даана көрүүгө болот. Алсак, кыргыз элинин өздөрү чыгарган чакан ырлары өздөрүнүн жашоосун мүнөздөп турган обондуу чыгармалардан экендигин танууга болбойт...

"Манас" эпосу баштаган эпикалык чыгармалардын аткарылышы барыдан мурда өзүбүздүн тоолуу мекенибизди мүнөздөп – бийиктикке чыгып бараткандай, улам күчөнүп жүрүп отургандыгына күбө болосуң. Ал эми өзүбүздүн эле коңшу жайгашкан казак боордоштордун ырлары өздөрүнүн кең талаасындай бир ыргакта ылдый да түшпөгөн, өйдө да чыкпаган дем менен ырдалат. Мунун өзү көрсөтүп тургандай, элдик ырлар биринчи кезекте ошол улут мекендеген табияттын жаратылыш шартына, жашоо мүнөзүнө, үрп-адатына, каада-салтына жанаша жаралат дегендик.

Жалпылап айтканда, сөз өнөрүнүн таасири биринчи кезекте турмуштук, элдик даражада болуу менен кезегинде көркөм чыгармачылыктын адабий жүзү дал ушул өзүнүн улуттуулугу, элдүүлүгү менен калыптанып, өнүгүүгө ээ болот.

**Адабияттар:**

1. Аристотель и античная литература. – М., 1978.
2. Веселовский А.Н. Историческая поэтика. – М., 1986.
3. Радцих С.И. История древнегреческой литературы. – М.,1982.